# ТЕНОВИКС

## ДАРЫ ПРЕПАРАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы:** Теновикс.
**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** Теноксикам.
**Дарынын түрү:** Инъекция үчүн эритмени даярдоо үчүн лиофилизирленген порошок эритмеси менен комплектте.
**Курамы:**
*Ар бир флакондо төмөнкүлөр камтылат:*
Активдүү зат: Теноксикам BP - 20 мг
*Көмөкчү заттар:* маннитол, трометамин, аскорбин кислотасы, динатрий ЭДТА, натрий метабисульфити, натрий гидроксиди, инъекция үчүн суу.
*Ар бир ампула төмөнкүлөрдү камтыйт:*
Инъекциялар BP үчүн зыянсыздандырылган суу - 2 мл
**Сүрөттөмөсү:** 2,0 мл I типтеги USP түтүк сыяктуу тунук айнек флакон сары лиофилизат же порошок менен толтурулган.
**Фармадарылык тобу:** Сөөк-булчуң системасы. Сезгенүүгө каршы жана ревматизмге каршы препараттар. Стероиддик эмес сезгенүүгө каршы жана ревматизмге каршы препараттар. Оксикамдар. Теноксикам.
**АТХ коду:** M01AC02.
**Фармакологиялык таасири**
*Фармакодинамикасы:*
Теноксикам күчтүү сезгенүүгө каршы, ооруксуздандыруучу жана азыраак айкын дененин ысыгын төмөндөтүүчү таасири менен стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препарат (ССКК) болуп эсептелет. Препараттын касиеттери циклооксигеназа ферментинин эки изоформасын басаңдатууга шартталган, бул арахидон кислотасынын зат алмашуусунун бузулуусуна жана простагландиндердин синтезин бөгөөсүнө алып келет.
Сезгенүүгө каршы таасири кыл тамырлардын өткөргүчтүгүнүн төмөндөшүнө (суюктуктун чыгуусун чектейт), лизосомалык мембраналардын турукташуусуна (ткандардын жабыркоосун пайда кылуучу лизосомалардын ферменттеринин чыгуусуна тоскоолдук кылат), синтезин басуу же сезгенүү медиаторлорунун таасир күчүнүн азаюусуна (простагландиндердин, гистаминдин, брадикининдин, лимфокиндердин, комплемент факторлорунун) шартталган. Сезгенүү очогунда эркин радикалдардын санын азайтат, хемотаксисти жана фагоцитозду басат. Сезгенүүнүн пролиферативдик фазасын токтотот, ткандардын сезгенүүдөн кийинки катууланууcун азайтат; хондропротектордук таасир көрсөтөт.
Препарат сезгенүү очогунда ооруу сезгичтигин төмөндөтөт жана ооруунун таламустук борборлоруна таасир берет, десенсибилизациялоочу таасирге ээ (узакка колдонууда). Ревматизм ооруларында тынч абалда жана кыймылдоодо муундардагы ооруну азайтат, эртең мененки катып калууну жана муундардын шишимигин азайтат, муундардын функциясын жакшыртат жана кыймылдардын көлөмүн көбөйтөт.
*Фармакокинетикасы:*
Сиңирүү – тез жана толук. Биожеткиликтүүлүгү - 100%. Эң жогорку концентрациясы 2 сааттан кийин белгиленет. Теноксикамдын айырмалануучу өзгөчөлүгү таасиринин чоң узактыгы жана узак жарым жартылай бөлүп чыгаруу мезгили - 72 саат. Препарат 99%га плазма белоктору менен байланышат. Теноксикам муун суюктугуна жакшы кирет. Гистогематикалык тосмо аркылуу жеңил кирет. Боордо 5-гидрокситеноксикамды пайда кылуу менен гидроксилирлөө жолу менен зат алмашат. 1/3 өт менен, 2/3 заара менен активдүү эмес метаболиттер түрүндө бөлүнүп чыгат.
**Колдонууга көрсөтмө**
Ооруу синдрому менен коштолгон кыймыл-таяныч аппаратынын сезгенген жана дегенеративдүү оорулары:
• подаграда муун синдрому, ревматоиддик артрит, остеоартроз, сенектентүүчү спондилит, остеохондроз;
• тендинит, бурсит, миозит;
• омуртканын ооруусу, невралгия, миалгия, ишиалгия, люмбаго, мертинүүлөр.
**Каршы көрсөтмө**
• теноксикамга же башка ССКК жогору сезгичтик;
• АИЖ эрозиялык-жараланган жабыркоолору;
• ашказан-ичеги кан агуулары;
• кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили;
• балдар курагы;
• «аспирин триадасы»;
• боор жана бөйрөк функциясынын айкын бузулуулары;
• бөйрөк алсыздыгы;
• жүрөк жетишсиздиги;
• кан оорулары.
*Этияттык менен* – жүрөк жетишсиздиги, шишимиктер, артериялык гипертензия, кант диабети, улгайган курак.
**Колдонуу жолу жана дозалары**
Булчуң ичине же тамыр ичине. Теновикс препаратынын инъекциялары кыска мөөнөттүү дарылоодо – күнүнө 20 мг.дан дайындалат; узакка колдонууда – күнүнө 10 мг.
*Подагралык артритте* 1-2-күнү күнүнө 40 мг, кийинки 3-5 күндөрү – күнүнө 20 мг дайындалат.
Дайындалган дозаны бир кабыл алып колдонуу керек.
**Кыйыр таасирлери**
*Тамак сиңирүү системасы тарабынан:* диспепсия (окшуу, кусуу, зарна, ич өтүү, ич көбүү), ССКК-гастропатия, ичтин оорушу, стоматит, табиттин төмөндөшү, боор функциясынын бузулуусу. Чоң дозаларда узакка колдонууда – АИЖ былжырлуу чел кабыгынын жаралануусу, кан агуу (ашказан-ичегиден, бүлөдөн, жатындан, геморроидалдык), ичегинин капталдарынын тешилүүсү.
*Жүрөк -кан тамыр системасы тарабынан:* тахикардия, АБ жогорулашы.
*Нерв системасы тарабынан:* баш оору, баш айлануу, уйкусуроо, чүнчүү, дүүлүгүү, угуунун төмөндөшү, кулактын шуулдашы, көздүн дүүлүгүүсү, көрүүнүн бузулуусу.
*Кан жаратуу органдары тарабынан:* агранулоцитоз, лейкопения, сейрек – аз кандуулук, тромбоцитопения.
*Аллергиялык реакциялар:* тери бөртмөсү, кычышуу, бөрү жатыш, ангионевротикалык шишимик, залалдуу экссудативдик эритема (Стивенс-Джонсон синдрому), токсиндүү эпидермалык некролиз (Лайелла синдрому).
*Жергиликтүү реакциялар (свечаларды колдонууда):* дүүлүгүү, ооруксунткан заңдоо. *Лабораториялык көрсөткүчтөр:* гиперкреатининемия, гипербилирубинемия, мочевина азотунун концентрациясынын жана "боор" трансаминаздарынын активдүүлүгүнүн жогорулашы, кан агуу убактысынын узаруусу.
*Башкалар:* колко карышуусу, бөйрөк функциясынын бузулуусу, тердин көп бөлүнүп чыгуусу, шишиген синдром (а.и. периорбиталдык шишимиктер).
**Ашыкча доза**
*Симптомдор:* сүрөттөлгөн кыйыр таасирлердин көрүнүштөрүнүн күчөшү.
*Дарылоо:* оору белгилерине жараша.
**Башка дары каражаттары менен оз ара таасири**
Урикозуриттик ДК натыйжалуулугун төмөндөтөт, антикоагулянттардын, антиагреганттардын, фибринолитиктердин таасирин, МКС жана ГКС, эстрогендердин кыйыр таасирлерин күчөтөт; гипотензивдүү ДК жана диуретиктердин натыйжалуулугун төмөндөтөт; сульфонилмочевинадан алынгандардын гипогликемиялык таасирин күчөтөт.
Канда Li+ препараттарынын, метотрексаттын концентрациясын көбөйтөт.
Боордо микросомалдык кычкылдануунун индукторлору (фенитоин, этанол, барбитураттар, рифампицин, фенилбутазон, трициклиттик антидепрессанттар) гидроксилирленген активдүү метаболиттердин продукциясын көбөйтөт.
Антациддер жана колестирамин сиңүүнү төмөндөтөт.
Башка ССКК – өзгөчө АИЖ тарабынан кыйыр таасирлердин өрчүү коркунучу. Миелотоксиндүү ДК препараттын гематологиялык токсиндүүлүгүнүн көрүнүштөрүн күчөтөт.
**Өзгөчө көрсөтмө**
Дарылоо убагында четки кандын көрүнүшүн көзөмөлдөө жана боордун жана бөйрөктүн функционалдык абалын (кыйыр антикоагулянттардын фонунда), кандагы глюкозанын концентрациясын (пероралдуу гипогликемиялык ДК фонунда) көзөмөлдөө зарыл. 17-кетостероиддерди аныктоо зарылдыгында препаратты изилдөөгө чейин 48 саат мурун токтотуу керек.
Хирургиялык кийлигишүүгө чейин бир нече күн мурун препарат токтотулат.
Артериялык гипертензиясы жана ӨЖД бар оорулууларга диуретиктер менен дайындоодо организмде Na+ жана суунун кармалуусу мүмкүндүгүн эске алуу зарыл.
АИЖ тарабынан жагымсыз көрүнүштөрдүн өрчүү коркунучун төмөндөтүү үчүн эң аз натыйжалуу дозаны эң кыска курс менен колдонуу керек.
Дарылануу мезгилинде унаа каражаттарын башкарууда жана жогору көңүл буруу концентрациясын жана психомотордук реакциялардын тездигин талап кылган ишмердиктин башка потенциалдуу кооптуу түрлөрү менен алектенүүдө этияттыкты сактоо зарыл.
**Чыгаруу формасы**
Флакондордо инъекциялар үчүн эритмени даярдоо үчүн лиофилизирленген порошок жана ампулаларда инъекция үчүн суу.
3 флакон жана 3 ампула ак пластик лотокто колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.
**Сактоо шарты**
Кургак жана жарык тийбеген жерде, 25°C дан жогору эмес аба табында жана балдар жетпеген жерде сактоо керек. Тоңдурууга болбойт!
**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл. Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт
**Берүү шарты**
Дарыгердин рецепти боюнча.

SPEY

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси**
**Spey Medical Ltd.**
7-12 Tavistock Square, London,
WC1H9LT, England, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү**
**Nitin Lifesciences Ltd., Unit-III**
Rampurghat Road, Paonta Sahib, Dist.
Sirmour-173025, Himachal Pradesh, India (Индия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн продукциянын (товардын) сапаты боюнча арыз-доолорду кабыл алган уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Шооруков көч, 36.
Тел.: (0312) 560 466
E-mail: aman.pharm12@gmail.com

012B